**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/3**

2025-жылдын 11-сентябры Жаңы-Арык айылы

**“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Айылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө,коомдук турмушуна кошкон өзгөчө салымын,коомдук ишмердүүлүгүн эске алуу менен,Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Жумгал районунун Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Куйручук айылынын тургуну Малабеков Маадан Малабековичтин 8.08.2025-жылдагы кайрылуусу канаттандырылсын;

2. Жумгал районунун Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Куйручук айылынын тургуну Малабеков Маадан Малабековичке көп жылдар бою айылдын өнүгүшүнө кошкон зор салымы, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Куйручук-Кызарт айыл аймагынын “Ардактуу атуул”наамы ыйгарылсын;

3. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтү ушул токтомдун негизинде“Ардактуу атуул”наамы жөнүндө күбөлүк жана белги даярдап, сыйлык тапшыруу аземин уюштурсун;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айылдык кеңешинин регламент, депутаттык этика, мандат жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**